Предмет: Химия

Мектеп : О.Бөлөбалаев атындагы ЖББОМ

Класс: 7

Мугалими:Бактыбек кызы Аида

Сабактын темасы: Кислоталар деген эмне?

Сабактын максаты:

- Кооптуу заттарды билдирген белгилер менен тааныштыруу.
- Билим жана тушунукторду пайдаланып,гипотеза чыгаруу.
- Кислоталарды турмуш менен байланыштырууга уйрөтүү.

Сабактын тиби :Окуу материалдарын өздөштүрүү сабагы.

Сабактын жабдылышы:


- ✓ Уксус кислотасы,туз кислотасы,кукурт кислотасы,азот кислотасы,калийдин гидроксиди.
- ✓ Кислоталар кездешкен ар кандай суроттор
- ✓ Д.И.Менделеевдин мезгилдик таблицасы

Окуучулар буга чейин химия илими эмнени окутаарын билишет,химиялык элементтер,бирикмелер жөнүндө билими бар.

№	5E модели Убакыт	Иш аракеттер
1	1Этап Кызыктыруу	**Максат:**Окуучулардын кызыгуусун арттыруу,темага багыттоо.  Суроо: Кымыз ичкенде даамы кандай? Ашказаныбызда кислота бар экенин билесинерби? Окуучулар болжолдуу жооп беришет.
2	2 Этап Изилдөө	**Максат**:Окуучуларды мисалдар аркылуу кислоталарга жалпы белгилерди өз алдынча аныктоого жеткируу жана анализ жасоого уйрөтүү. Текстти окуп,суроолорго жооп беребиз? ▪ Кислоталар кайда кездешет? ▪ Көмүр кычкыл газынын формуласы кандай? ▪ Кислоталуу жамгырдын пайда болушун тушундуруп бергиле. ▪ 8.4-сүрөттү карап кислоталарды атагыла.


		Кислоталар жамгыр суусунда да кездешет. Абадагы көмүр кычкыл газы жамгыр суусунда эрийт да, көмүр кислотасын пайда кылат. Бул жамгырды кислоталуу кылат. Электр станцияларында казылып алынган отунду күйгүзгөндө, алар абага кислоталуу булгоочу заттарды бөлүп чыгарышат. Бул заттар жамгыр суусунда эрип, кислоталуу жамгырды пайда кылат (8.3-сүрөт).  Кислоталуу жамгыр Кислоталуу жамгыр тирүү организмдер үчүн коркунучтуу, анткени ал жеп кетүүчү (коррозиялык) касиетке ээ. Ал айкелдер жана имараттар сыяктуу курулуштардын сырткы беттерине зыян келтириши мүмкүн. Мектептерде биз лабораториялык иштерде кислоталарды колдонобуз. Бул кислоталар, адатта, суюлтулган болот. Бирок алар силер үчүн жана айланадагылар үчүн коркунучтуу болушу мүмкүн, ошондуктан ар дайым сак болгула. Кислотаны колдонордон мурда идиштеги коопсуздук белгисин текшергиле (8.4-сүрөт). Ал белги эмнени билдирерин жана затты колдонууда кандай коопсуздук чараларын сактоо керектигин билип алгыла.  **8.4-сүрөт.** Мектеп лабораториясында көп колдонулуучу кислоталар.
3	**3 Этап Тушундуруу**	**Максат**:Кислотанын илимий аныктамасын берүү. Мугалим окуучуларга түшүндүрүп берүү. **Кислоталар** — металл менен оңой алмашуучу суутеги бар жана сууда эригенде H+ ионун пайда кылуучу химиялык бирикмелер. Кислоталар кычкылтектүү, (H_2SO_4, H_2CO_3, HNO_3 ж. б). жана кычкылтексиз (HCl, H_2S, HCN ж. б.) болуп айырмаланат. Кычкылтектүү кислоталар кээ бир кислоталык оксиддердин суу менен кошулушунан, кычкылтексиз кислоталар айрым элементтердин суутек менен кошулушунан пайда болот. Кислоталардын молекуласындагы суутек атомунун саны алардын негиздүүлүгүн аныктайт, мисалы, HCl, HNO_3 — бир негиздүү, H_2S, H_2SO_4 — эки негиздүү, H_3PO_4 — үч негиздүү кислоталар. 

4	**4 Этап Терендетуу**	**Максат**:Окуучулар жаңы билимди турмуштагы мисалдар менен байланыштырууга аракет кылышат.











Туз кислотасы ашказан ширесинин негизги компоненти катары эсептелет жана жеген тамагыбызды сиңирүүгө жардам берет.



Нуклеин кислоталары тирүү организмдердин клеткаларында болот.



Сүт кислотасы физикалык машыгуу учурунда булчуңдарыбызда топтолот жана чыңалууну пайда кылат.



Көптөгөн өсүмдүктөр козу кулак кислотасын бөлүп чыгарышат, мисалы, помидорлор.

5	**5 Этап** **Баалоо**	**Максат**:Окуучулардын кислоталар аркылуу алган билимин,тушунугун текшеруу. **Текшерүү суроолору:** ▪ Кислота деген эмне? ▪ Кислоталар индикатордун түсүн кандай кылат? ▪ Турмушта кездешкен 3 кислотаны айт. ▪ Кайсы зат кислоталуу: айранбы же шекерби? ▪ Кислотанын негизги касиеттеринин бирин жаз. Окуучулардын жооп бергенине карап,баалайбыз. Жакшы жооп бергендерге:”5” Орто жооп бергендерге: “4” Аракеттенген балдарга :”3” **Үйгө тапшырма**:Кыска эксперимент.”Лимонду темирге тийгизсек эмне болот?”